УДК. 370.153.

Ж.Б.Карасартова

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ КААРМАНДАРДЫН ОБРАЗЫНЫН ИНСАН КАТАРЫ ЧАГЫЛЫШЫ

*Бул макалада кылымдар бою элдин жогорку адеп ыйманы идеалдарын, анын айкөлдүгүн эркиндикке, жакшылыкка, акыйкаттыкка, асыл адеп-ахлактын жана жүрүш-турууштун баалуулуктарына эң башкысы өзүнүн мамлекеттүүлүгүнө карай умтулуусун улап, урматтап келген чыныгы инсан катары каармандардын эпостогу образдары ачылып берилген.*

Манас эпосу камтыган окуялары, каармандардын катышуусу, түрдүү касиеттеринин көптүгү боюнча чоң эпопея болгондуктан, турмуштун ар кандай кырдаалдагы жеке адамдын, жалпы элдин жүрүш-турушун аткарган ишмердүүлүгүн баяндоо менен көп кылымдар аралыгында калыптанган кыргыз элинин адам жөнүндөгү концепциясын турмуштун тарыхый психологиясында камтыган.

«Манас» эпосунун өзөгүнүн негизги бирдигин инсан түзөт. Биз улуу эпосту изилдөөдө инсандардын ортосундагы мамилелер, аракеттерди жана алардын маанисин түшүнүүгө аракеттенебиз.

Башкача айтканда, «Манас» эпосунда тээ илгертеден бери карай адамдардын оюн бөлүп келген «Канткенде адам улуу адам болот» деген өңдүү түбөлүктүү чоң маселе ойлондурган. Бул түшүнүктөргө ар кандай формада жооп берилген. Адам кандай болуш керек? -деген суроого улуу эпосубузда, Манас атанын образы аркылуу жооп берилген.

Эпостогу Манас, Бакай, Кошой, Сыргак, Чубак, Каныкей, Алмамбет, Семетей, Айчүрөк ж.б. каармандар инсандын толук касиеттерин алып жүрүшөт. Алар эрки күчтүү, алдына койгон асыл максаттарын ишке ашыруу үчүн, элдин мүдөөсү үчүн күрөшкөн акылдуу, көрөгөч инсандар катары көрүнүшөт ошого жараша алар душманды жеңип чыгышып, элге тынчтык, бейпилдик турмушту куруп берүүгө жетишишет. Эпосто адамдардын эрктүүлүгүнө жана күчүнө төмөнкүдөй баа берилет:

Кирпиги жалын көзү чок,  
Кишиден мындай сонун жок.  
Айткан кеби – аткан ок,  
Адамда мындай борум жок.  
Айбат менен карасаң,  
Азырейил түрү бар.  
Кирпигине карасаң,  
Ач албарстын учу бар.  
Бир өзүнүн башында,  
Миң балбандын күчү бар.

Чыгармада Манас инсандык эң жогорку сапаттар менен таразаланат. Манастын образы адамкерчилик, айкөлдүк, абийир, жигиттик, ар-намыс, эл алдындагы атуулдук (граждандык) патриоттук милдети сыяктуу касиеттер менен коштолот. Инсан катары Манас ушул өзгөчөлүктөрүндө бааланат.

Манас жана анын чоролору Элжурт үчүн ажалдан кайра тартпаган, алга үндөгөн улуу күч болушкан:

Калкым кыргыз сен үчүн,  
Курман болуп кетейин – деп, Атажурттун арнамысы үчүн кара башын канжыгага сайып коюшкан. Атуулдук намыс кандайдыр бир инсандык, топтун куру намысы эмес, ал максаттуу, келечектүү түпкү максаты менен чыныгы элге кызмат кылган терең намыс болуп саналат.

Демек, Манас – элдин намысы үчүн жаралган инсан. Ал Мекенин душмандан бошотуп, өз жерине келип, элинин башын кошуп бириктирип, Атажуртуна үзүрлүү эмгек кылган.

Эпосто Манаска өзүнүн Мекен, Эл алдындагы эр жүрөк кайраттуулук, туруктуулук, чыдамдуулук сыяктуу оң сапаттар таандык. Чыгармада адептик, эстетикалык, эпикалык маңыз гана болбостон социалдык саясий психологиялык мааниси да чоң ролго ээ.

Эпостун негизги каармандары Манас баатыр менен гармониялык инсандык касиеттердин, башкача айтканда, кыргыздын идеалын элестетишет. Ал эмгекте да, ишкердүүлүктө да, күрөштө да жетилген инсандар катары калыптанган. Алардын ичинен инсан катары Манас көптөгөн өзгөчөлүктөр менен да бааланат:

Жолборс жүрөк, жоон билек,

Арстандай айбаттуу, айкөл, асыл, - деп, эр жүрөк жана башка мүнөздөмөлөр менен сүрөттөлгөн. Демек, Манас – эпостун борбордук башкы оң каарманы.

Эпосто кыргыз элинин чексиз кайрат күчкө ээ, эң башкысы баатыры жана алардын баардык урууларынын башын кошуу менен элдерди тыштан басып кирүүчү ар кандай күчтүү душмандардан коргоп, Атажурттун эркиндиги, элдин бекемдигин сактаган саясий бримдиги үчүн күрөшкөн ишкердүү инсан.

Мисалы, Манастын образы:

Найза жанчып ок атып,
Алуучудан көрүнбөйт,
Кармаганы соо болуп,
Калуучудан көрүнбөйт – делип сүрөттөлсө,

Алмамбет:

Сепкили жок ак жүздүү,
Чекири жок кой жүздүү.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер.
Айсарала ат минген,
Азиз кандын жалгызы – делет.

Жогорудагы ыр саптары Манастын Инсан катары кыймылын, анын өнүгүшүн, калыптанышынын чексиздигин белгилейт. Эпостун зор психологиялык өзгөчөлүгү мына ушунда.

Эпосто Манастын чоролоруна да мүнөздөмө берилген, алар дагы жеткилең баатырлар, Мекенин сүйгөн баатырлар, атуулдар болушкан. Инсандык касиеттердин белгилеринин жыйындысы "жигит өнөрүнүн" түрлөрү жөнүндөгү баатырдык сезимдерге басымдуу баа берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Манас даяр үлгү эмес, жандуу Инсан катары идеалдуу каарман экени айкын. Демек, каармандын атуулдук күчү мына ушунда жатат.

Атаман калган жер үчүн,
Аттанганы турамын.
Акылмандын баарынан,
Бабалардын жомогун,
Баштан аяк сурадык.
Атадан калган жер экен,
Намысты кыргыз сактайлы.
Ынтызар болдум алууга,
Ыспара менен Алайды,
Алдырып коюп кытайга,
Намысың жоктоп жүрүпсүң.
Нелер келип, не кетпейт,
Эр жигиттин башына.
Бабадан калган жер үчүн,
Туулмак бар, өлмөк бар.
Аттангандан тартынба,

Айтууга калсын артында.

“Манаста” жеке намыс жана атуулдук намыс төп келет, демек эл үчүн пайдалуу кызмат кылууну Манас, Кошой, Алмамбет, Семетей негизги максат кылып коюшат.

Арнамыс – адамдын Атажурт, коом алдындагы ыймандык жоопкерчилиги, адептик касиеттерин, б.а., атуулдук ариет арнамысынан жаралат. Элдин атуулдук сезиминде демократиялык тенденция, эркиндикке умтулуу, Атажуртту тышкы жана ички душмандардан сактап калуу үчүн күрөшүү, мүнөздөлөт.

“Манаста” ургаачыга карата коюлган талап-критерийлер өзүнүн кээ бир сапаты менен айырмаланат.

Мисалы: Манас баатыр үчүн Каныкей, аял катары зайып, балдардын энеси, үйдүн куту, эр азаматтын тең тайлаш шериги, акыл кеңешчиси, үйбүлөнүн гана эмес, элдин, Мекендин жардамчысы болот.

Ошон үчүн Манас:

Оюмда жүргөн кызды алам,
Керемети кеңди алам,
Акыл-эси ошонун,
Мени менен теңди алам,
Акыл кошуп жанымда,
Жүрө турган кызды алам – деп, досторуна кеңешет.

Кийин Каныкейдин акылмандыгы, калк үчүн, жоокерлер үчүн көргөн камкордугун, Чоңказатка камданган гүлазыгын, зоот-чопкутун көрүп Манас кубанып:

Ата, апаң дебеске,
Артылта камчы салбаска,
Артынан күнү албаска,
Ак келтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун, - деп, ант берет.

Демек, эпосто адамды сүйүү, адамды баалоо, Инсан турмушунун эң бийик экени баса белгиленет.

Эпосто бийик гуманизмдик, андагы инсандар – Каныкейдин, Айчүрөктүн Акеркечтин образдарынан да көрүүгө болот. Каныкейдин образында кыргыз аялдарына мүнөздүү болгон бардык асыл сапаттар кездешет. Эпостогу Каныкей сулуу, ишмер, карачач, колунан көөр төгүлгөн уз гана эмес, ал өзүнчө сын көз менен кароого ээ болгон индивид, Инсан ошону менен бирге ал Манастын жогоруда айткандай татыктуу шериги, акылман кеңешчиси, баатырдыгынан да кем калбаган жан жолдошу болот.

Кытай хандарына каршы согушка даярданып жатканда Алмамбет Манаска “Акылга дыйкан Каныкейден” кеңеш суроону зарылдык катарында баалайт:

Оңунан келген иш эле,
Сарамжалга нарк толгон.
Сага ылайык киши эле,
Олуя хандын кызы эле,
Ойлонтуудан уз эле.
Кара хан кызы Каныкей,
Ордосуна барсам деп,
Оң батасын алсам деп,
Ушинтип жолго салсам дейт.

Акылдуу, жары карачач Каныкей алдын ала Кытай элинин көптүгүн жана эбегейсиз күчүн согуштук өнөрүн терең баалап, Чоңказат Манас үчүн кырсыктуу бүтөөрүн эскертет.

Ошентип Каныкей Манасты:

Салып жүрүп там кылган,
Сайып жүрүп бак кылган.

Демек, караңгычылык үстөмдүк кылып турган заманда эпосто элдин аялга жогору баа берип, аялдын асылзаттыгын, терең акылын, ишмердүүлүгүн, баатырдыгын даңазалоонун бүткүл адамзаттык гуманисттик мааниси чоң болгон. Манас айкөлдүктүн, бири-бирин кечире билүүнүн түшүнүктөрү менен аныкталат. Ошондуктан, "Манас" эпосу баланы тапкан, бапестеп баккан аял – эне, анын асыл аракеттери, эмгегин баалоо, ата-бабаны урматтоо, муундардын келечеги менен элдин бакубат турмушу үчүн күрөшүү, бүгүнкү жаштар үчүн улуу тирөөч болуп саналат. Каныкейдин образы акылмандуулуктун күчүнүн, куралдын, зордуктун күчүнөн артыкчылык кылаарын аныктайт.

Өз керт башын гана ойлогон өзүмчүлдүктү, эгоизмди ж.б. түшүнүктөрдү Манас кабыл албайт. Мындай көрүнүштөргө Манас өзүнүн бүткүл турпаты, жаралышы менен каршы. Ал эми Манастын арнамыс, адеп-ахлак өзгөчөлүктөрү такыр башка ишенимдерге негизделген. Манастын Инсан концепциясы кыргыз акылмандарынын:

Элден безген эр эмес,
Эл ичи алтын бешик.
Өз камын ойлогон өспөйт,
Эл камын ойлогон көктөйт.
Эр жигит эл четинде,
Жоо бетинде – деген өңдүү жашоо тажрыйбасынан жаралган макалдар менен аныкташат.

Ал эми Манас баатыр бала кезинен эле ушундай көзкараштар, ишенимдер менен калыптанган.

Манас элдин кызыкчылыгын, Атамекендин эркиндигин, журттун арнамысын ойлогон.

Анын акыл-эси дайыма өз Атажуртунун кызыкчылыгын, элинин түйшүгүн алдыга максат коюп жашаган. Ошондой эле Мекенди коргоо милдеттерин койгон.

Жогорку даражада калыптанган аң-сезими, намысы тынчын бербей:

Атым өчүп калбайбы,
Атамдан калган Алатоо,
Алтайдан калбай албасам: - деп, Манас дайыма тынчсызданып турат. Өз Атаконушун бирөөлөрдүн бийлиги алдында калганына катуу ичи ачышып, санаа чегет:

Жердеп турат жеримди,
Ээлеп турат элимди,
Текес менен Алооке,
Кетирип турат кебимди – деп, Манас баатыр тынчсызданып турган.

Кыргыз элинин ичиндеги камарабастыкта, алысты көрбөгөн кыска ой жүгүртүүнү, күнүмдүк менен чектелген жашоону сынга алып, өз мекендештерин коркунучтун алдында көздү чоң ачууга, сезимтал болууга, алдыда турган атуулдук милдеттерди сезе билүүгө чакырат:

Көрстөн болбо дүйнөгө,
Короодо жатат коюм деп,
Кор болбоймун оюм деп,
Көмсөө кепти сүйлөбө,
Өрүштө жалкы малым деп,
Өзгөчө кыйын алым деп,
Өкүнүчтүү бабалар айткан кеп.
Жайытта жатыр уюм деп,
Сандыкта дүйнө –пулум деп,
Санаага салсаң жаман кеп.
Жүк артсаң арбын таам деп,
Таам бардан жүрөм деп,
Дөөрүгөнүң жүдөө кеп.
Конокко сой бир койду,
Короодо кой миң койду.
Бир карышкыр кириптир.
Миң койду кайдан тим койду.

Корооңо нанды толтурду.
Кырып баарын болтурду.
Аны кылды бөрүңүз,
Артын байкап көрүңүз!.

Манастын бул акыл-касиети бүгүнкү кыргыз элинин кийинки муундары үчүн абдан керек.

Бул накыл сөздөр мааниси жагынан ар бир атуулду терең, көрөгөч болууга үндөгөн, инсан болуп калыптандырууда негизги өбөлгө боло алат. Ошондой эле Манас согушта адамдардын жазыксыз канын төгүүгө каршы чыгат. Ал өзүнүн кырк чоросуна, аскерлерине гана эмес, каардуу душмандарын да кечиримдүүлүк, чыдамдуулук кылат. Колго түшкөн согуш туткундарына да кечиримдүүлүк менен мамиле кылып аларды жазалабастан, үйлөрүнө таратып жиберет. Согушта колго түшкөн Нескараны да Манас өлтүрбөйт. Нескаранын аскерлерин Манас эң алдыда текшерип, калыстык кылып, кыз-келиндерге, кары-картаңдарга жаш балдарга кол тийгизип, тынч жаткан элди, боз үйлөрдү талап тоногондорду өлүм жазасына тартат, алардын аттарын, байлыктарын жана олжолорун элге теңдеп бөлүп берет. Ошол кезде алты миң үч жүз кытай аскерлердин аттарын жана куралдарын олжо катарында алат да, өздөрүнө эркиндик берип үйлөрүнө таратат. Өздөрүнүн каалоосу боюнча кыргыздарга калууну каалаган кытай элдерине боз үй, ат, тамак-аш бөлүп берип, өзүнө кошуп алат.

Согуш учурунда жеңип алган байгелерин бүт элге таратып берет.

Асыресе адамдын аң-сезимин, акыл-эсин, ойжүгүртүүнү, интелектини мүнөздөгөн сапаттарды эпостон кездештирүүгө болот.

Эпостун интелектуалдык мазмундуулугу элдин тиреги болгон Манас, Алмамбет, Семетей, Сейтек ж.б. баатырлардын образдарында, өзгөчө акылмандыктын мыкты сапаттарын көрсөткөн Бакай, Кошой, Каныкей, Айчүрөк сыяктуу каармандардын мүнөздөрүндө даана чагылдырылган.

Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Ийрисин түзөгөн,
Аркадан жүрсө сан колдой,
Караңгыда көз тапкан,
Капилетте сөз тапкан Бакай.
Узун чачтын ыктуусу,
Ургачынын мыктуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын пашаасы Каныкей.
Өлгөн жанды тиргизген,
Үзүлгөндү улаган,
Билбегенди билгизген,
Туйбаганды туйгузган,
Туура жолго киргизген олуязаада

Кошой болбосо Манас муратына жетмек эмес, б.а., Кошой Манаска төмөнкүдөй деп кеңешин айткан:

“Кенен ойлон башынан,
Кебелбес болсун казынаң,
Калың бороон, катуу күн,
Кулунум, канчалык өтөр башыңан.
Кыр-кырда кыргыз элиңе,
Кызыккан жолдор дагы бар.
Кылчайбай канды агызар,
Кызылталактын баары бар.
Элиңди түгөл башкарып,
Өз алдыңча болгондо,
Сени таштап койбос жепжекке,
Суроодон угар дайныңда,

Күтүлбөстөн сен жатсаң,
Бир күнү чабар айлыңды.
Ошого моюн бербеске,
Ок өтпөгөн тон камда.
Куусаң жетпей калбаска,
Ок жетпеген ат камда", - деп дайыма кеңеш берген.

Эпостун каармандары турмушка оптимисттик сезим, келечекке жакшы үмүт жана ишенүү менен мамиле кылууну үндөп пессимизмди, пассивдүүлүктү, үмүтсүздүктү жана корко берүүнү жеңип чыгууга үндөгөн. Эпоско баяндалган окуялар жана каармандар элдин психологиясында адамдардын жекече касиеттеринин үлгүлөрү ошондой эле жүрүм-турум жөнүндөгү эрежелери жөнүндө түшүнүк бере алат.

Манас эпосу инсандардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн кандайча калыптангандыгын адамдардын өз ара мамилелеринин байланышын көргөзүүчү негизги булак болуп эсептелет. Ошондой эле "Манас" эпосу Инсандын калыптанышынын башкы өзгөчөлүгүнүн тарыхый шартталгандыгын көрсөтүп турат.

## АДАБИЯТТАР


1. Максүтов Б. Айкөл Манас баяны. –Б., 1999.
2. Ботояров К. Көөнөрбөс мурас. –Б., 1996.
3. Стефаненко Т. Этнопсихология. –М., 1999.
4. "Манас" эпосу океан. –Б., 1994.
5. Волков Т.Н. Этнопедагогика. –М., 1999.
6. Кукушин В.С., Столяренко Л.Д. Этнопедагогика и этнопсихология. – М., 1999.